# *141 Тынчтыкты эңсегендерди издейли*
## (Лука 10:6)

1. Кабар айтууну буйруган Иса.
Ысыкка, чаңга карабай,
Үйрөткөн баарын чындыкка.
Эртеден кечке талбай издеген,
Кудайдын койлорун сүйгөндүктөн
жер кезген.
Үйдөн үйгө, көчөдө да,
Жар салабыз бардыгына,
Арыларын муң-кайгыдан жакында.

*КАЙЫРМА*

*Бүт улуттан*
*издейли тынчтык эңсегенди,*
*Момундарга*
*жакшы кабарды жеткирели.*
*Тапмайынча*
*токтотпойлу.*

2. Убакыт күтпөйт, создуктурбайлы.
Адамдын өмүрү кымбат,
Куткарууга күч жумшайлы.
Сүйүүбүз түртөт кайра барууга.
Жаралуу жүрөк айыгат,
кабар укканда.
Издейбиз шаар-айылдардан,
Адамдарды кулак каккан.
Тапканда, жүрөк толкуйт кубанычтан.

*Кайырма*

(Кара: Ыш. 52:7; Мт. 28:19, 20; Лк. 8:1; Рим. 10:10)

*snylpnw*-KZ № 141 3/15
© 2015 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania